ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

**№4 ПРОТОКОЛУ**

26-декабрь, 2025-жыл.

Төрага Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы З.Ж. Мурзакматова

Катышкандар: Окумуштуулар кеңешинин 47 мүчөсүнөн 39 мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. QS рейтингинин критерийлеринин негизинде институттун академиялык чөйрөдө жана иш берүүчүлөр арасындагы беделин (репутациясын) көтөрүү жана предметтик рейтингге кирүү үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттер *(Баяндамачы: комиссиянын төрагасы, МФТИТ институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары Пакал уулу Долонбек);*
2. Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштеринин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: комиссиянын төрайымы, ф.-м.и.к. Калбекова М.Ж.);*
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МФТИТ институтунун директору, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-маселелер боюнча 10-12 минутага чейин, ал эми талкууларга 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**

**Угулду:** QS рейтингинин критерийлеринин негизинде институттун академиялык чөйрөдө жана иш берүүчүлөр арасындагы беделин (репутациясын) көтөрүү жана предметтик рейтингге кирүү үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттер боюнча комиссиянын төрагасы, МФТИТ институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары Пакал уулу Долонбектин билдирүүсү угулду.

**Талкуу:** *А.М. Сайипбекова (институттун профессору):* көп учурда профессордук-окутуучулук жамаатка Эл аралык илимий байланыш боюнча маалыматтар жетпей калат. Ошондуктан, жаштар да угуп аракет кылуу керек. Мобилдүүлүккө барган студенттердин чыгымдарын ата-энеси эмес университет каржыласа жакшы болот эле. Студенттер тил үйрөнүүгө көбүрөөк көңүл бурса мобилдүүлүккө чыгууга жакшы мүмкүнчүлүктөр болот.

*Азимов Б.А. (жыйындын трагасы, ф.-м.и.к., доцент):* жогорудагы маалымат боюнча биздин институт да университетке чоң салым кошуп келет. Мобилдүүлүк боюнча акыркы 5 жылдыкта жалпы университет боюнча 60% биздин студенттер түзөт. Дирекциядагы маалыматтар кафедра башыларынын жана студенттердин группаларына убагында жеткирилип жатат.

Жогоруда берилген маалыматтардын, талкуунун негизинде Окумуштуулар кеңеши сунушту бир добуштан колдоп **ТОКТОМ** кылат:

- Qs рейтингинин критерийлеринин негизинде институттун академиялык чөйрөдө жана иш берүүчүлөр арасындагы беделин (репутациясын) көтөрүү жана предметтик рейтингге кирүү үчүн жүргүзүлгөн иш аракеттери боюнча институттун директордун илимий иштер боюнча орун басары Д. Пакал уулунун билдирүүчү эске алынсын;
- Кафедраларда академиялык репутацияны жогорулатуу боюнча иш-чаралар (Scopus, Web of Science публикациялары, илимий долбоорлор, эл аралык кызматташуу, конференциялар) күчөтүлсүн жана кафедра башчыларына жүктөлсүн;
- Иш берүүчүлөр менен байланышты бекемдөө (меморандумдар, практикалар, стажировкалар, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу) күчөтүлсүн жана программа жетекчилерине жүктөлсүн;
- Билим берүү программаларынын сапатын жакшыртуу (программаларды жаңылоо, англис тилиндеги курстар, заманбап технологиялар) кафедра башчыларына жүктөлсүн;
- Предметтик QS рейтингге кирүү үчүн иш аракеттерди күчөтүү (далилдүү көрсөткүчтөрдү чогултуу, аналитикалык отчеттор) кафедра башчыларына жүктөлсүн;
- Жалпы көзөмөл директордун илимий иштер боюнча орун басары Д. Пакал уулуна жүктөлсүн.

**2-маселе**

***Угулду:*** колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасындагы окуу- усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштеринин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча баяндамачы, комиссиянын төрайымы, ф.-м.и.к. М.Ж. Калбекованын билдирүүсү угулду.

***Талкуу:*** *А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доцентти):* негизинен аябай кеңири маалымат берилди, жетиштүү деп айта аламын.

Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. Комиссиянын төрайымы, жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к. М.Ж. Калбекованын билдирүүсү эске алынсын;
2. Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында окуу, усулдук, илимий-изилдөө жана тарбиялык иштери негизинен талаптарга ылайык жүргүзүлүп жаткандыгы белгиленсин;
3. Кафедранын ишмердигин уюштурууга тиешелүү негизги иш кагаздарын (жобо, иш пландары, протоколдор, отчеттор) системалаштыруу жана сапатын жогорулатуу жагы каралсын;
4. Илимий-изилдөө иштерин активдештирүү, Scopus жана Web of Science индекстелген журналдарда макалаларды жарыялоо боюнча иштери дагы күчөтүлсүн;
5. Дистанттык окуу бөлүмүндөгү бардык дисциплиналар боюнча электрондук окуу-методикалык комплекстерди **mooc.oshsu.kg** веб порталына толук жайгаштыруу жана алардын мазмунун жаңыртуу камсыздалсын;
6. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү, ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүк программаларына окутуучулар менен студенттерди активдүү тартуу улантылсын;

7. Билим берүү программаларын жанылоо, студенттердин контингентине жана 1-курстардын ЖРТ баллдарына анализ жүргүзүү иштери улантылсын;
8. Кафедра боюнча маалыматтарды институттун расмий сайтына 4 тилде толук, так жана өз убагында жайгаштыруу жана жаңыртуу камсыздалсын;
9. Жогорудагы пункттардын аткарылышын камсыз кылуу колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент Т.М. Жолдошовго жүктөлсүн.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова